Абдыракматова Н.К., Дюшеков Ж.О.

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

## «ЖАН» ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДЕ

*Макаланын темасы айтып тургандай, берилген бул макалада «Жан» деген түшүнүктүн, кыргыз тилинде колдонулушунун көп кырдуулугу жана фразеологизмдерде дагы кеңири колдонуу менен бирге өзүнүн маани-маңызынын ар тараптуулугу чагылдырылган.*

Улуттардын маданий жакындашуусунда көркөм адабият зор роль ойнойт. Ал эми дүйнө элдеринин адабияттарын бири бирине тааныстырууда котормо маселеси чоң мааниге ээ. Мында эки адабияттын ортомчусу котормочу болуп эсептелет. Котормо чыгармаларынын жогорку деңгээлде ишке ашырылышына анын билими, таланты, устаттыгы, тажрыйбасы эле жетиштүү эмес. Ал ошол элдин адабиятынан тышкары тилинин өзгөчөлүгүн, үрп-адаттарын, диний ырым-жырымдарын, каада-салттарын, менталитетин билүүгө тийиш. Кыргыз тилинин көптөгөн өзгөчөлүктөрүнүн бири, бул фразеологизм.

Фразеологизм деген эмне? «фразеология» деген термин грекче «phras»- туюнтма, «logos»- сөз, түшүнүк, илим, дегенди билдирет. Бул түшүнүктү жалпы тил илиминде ар түрдүүчө талдап келе жатышат.

1. «Совокупность устойчивых оборотов речи и выражений свойственных данному языку» [1].
2. Лингвистиканын бир бөлүмү, речтин даяр, туруктуу түрмөгүн үйрөтүүчү илим.
3. Ошол тилге мүнөздүү болгон речтин запас түрмөгү.
4. Мазмунсуз фразанын, мазмунсуз сөздөрдүн тизмеги [2].

Сүйлөө речтеринде, адабий чыгармаларда, адамдын дене мүчөлөрүнө, кулк мүнөзүнө, көзкарашына, жашоо-тиричилигине, ички сезимдерине байланышкан фразеологизмдер ондоп саналат. Албетте булар көркөм чыгармаларды бир тилден экинчи тилге которууда белгилүү бир кыйынчылыктарды туудурбай койбойт. Алсак, «жан» деген диний түшүнүккө байланыштуу сөз менен түзүлгөн фразеологизмдер, сүйлөө речтеринде, адабий чыгармаларда өтө көп санда кезигет.

Жаналы калбоо, жан аябоо, жан бакты, жан берүү, жан далбаса, жандан түңүлүү, жандили менен, жан кечти, жан кирүү, жан сактоо, жан талашуу, жан тартуу, жан тери келүү, жан ачуу, жаны жай албоо, жаны карарруу, жаны күйүү, жанындай көрүү, жанына батуу, жанын жеген, жанын карыштоо, жанын сууруп алуу, жанын таштап коюу, жаны сеп алуу, жаны чыгуу жана башка.

«Жан» деген сөздүн (түшүнүктүн) тарыхый келип чыгышына байланыштуу, окумуштуулардын аныктамаларынан да келтире кетели: «Человеческая душа есть субстанция, также имеющая две силы, одна сила действующая, другая воспринимающая» [3].

Душа, понятие выражавшее исторически менявшиеся воззрения на внутренний мир человека в религии и идеалистическом философии особая, нематериальная субстанция (Эч нерсеге көзкарандысыз өз алдынча жашоо)- не зависимая от тела (4).

Душа - внутренний психологический мир человека, его сознание. (С.И.Ожегов

«Словарь русского языка».)

Жогорудагы көзкараштарга таянсак, «жан» деген түшүнүк кыргызда эң байыркы диний ой-жүгүртүүлөрдөн келип чыгып, алардын тилинде бекем калыптанып калгандай сезилет. Анткени алгачкы динге ишенүүчүлүктүн кийинки эволюциясы адамдын аң-сезиминдеги табияттан тышкаркы түшүнүктү, табигый нерседен бөлүп өз алдынча жашаган материясыз мазмунга келгендиги белгилүү. Мына ушундан улам духка жана жанга ишеним пайда болгон (Анимизм). Ал эми Рух менен жан материалдык нерсе менен адамдын денесине карама-каршы коюлуп, бул тилдин сөздүк запастарына, анын ичинен фразеологизмдин калыптанышына өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

Мисалы: Чымындай жаны чыркырап, жанын көзүнө көрсөтүү, жанын сууруп алуу, жаны чыгуу, жан кулактын учуна келүү жана башка.

Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер тектеш эмес тилдерге сөзмө сөз которулбай тургандыгын төмөнкү мисалдар далилдеп турат [4].

Жан алакетке түшүү - растерянно и спешно (о движении). Жан берүү - оживить, дать жизнь, жан кечти-(отпетая голова), Жан сактоо - снискать себе пропитание, жан талашуу - бороться со смертью; быть в агонии; жаны карайды - он света не взвидел; жанын сууруп алуу, жанын койбоо - покоя нет никакого; жанын сеп алдыруу - оставить его в покое; жаны төбөсүнө (же кулагынын учуна чыкты - он сильно испугался, у него душа в пятки ушла (букв. у него душа на макушку, или на концы ушей вылезла); төбө чачы тик туруп жан кулактын учуна барды - волосы у него встали дыбом, душа в пятки ушла.

Кыргыз тилиндеги фразеологизмдерди сүйлөмдүн тутумунда турганда тектеш эмес тилдерге которгондо анын маанисин чечмелеп которууга тура келет. «жан бергендин жанына турба» поговорка: «не стой рядом с тем, кто дал присягу» (несчастье, которое постигает его, может коснуться и тебя); Алдар көсө кедейлерге жан тартчу эле: фольк… Алдар көсө держал сторону, защищая бедняков. Жан тартпаса да, кан тартат; погов: Душа не лежит, да кровь с родством тянет. Чымындай жанды жөн эле кылга байлап таштадым; я рискуя жизнью, решился на все; букв: свою мухоподобную душу я просто привязал на волосок; ит бок жеп, жан сактайт; погов: пес, дерьмом питаясь живет. Жаным төрт чарчы болду- я разрываюсь на части; я совсем замотался. Дос, доско жаныңды кош; погов.  Друг, слейся с другом душой (т.е. будь готов отдать за него жизнь, если ты друг). Жанын колго кармаган жан кечтиси дагы бар. Фольк. -Есть там и отпетые, которые идут на все.

Келтирилген мисалдар боюнча алганда:

1. Мындан фразеологизмдер эки же андан артык сөздөрдөн (зат атооч, этиш) куралды.
2. Компоненттердин алган орду, катар тартиби өзгөргөн жок.
3. Фразеологизм орус жана немец тилине сөзмө сөз которулганда кыргыз тилиндегидей толук манисин бере алган жок.
4. Жан сөздүн тике маанисинде өз алдынча турганда абстрактуу түшүнүк, (м: кол, жансалыштыр).
5. Айрым убактарда ал конкреттүү түшүнүккө өтөт, (үйбүлөдө беш жан элек,  же беш киши элек, жан кечти, (калпычы, жанынан түңүлгөн адам) ж.б.

Чыгармаларынын дээрлик бардыгын орус тилинде жазган залкар жазуучу Ч.Айтматовду кыргыз окуучуларына тааныткан мыкты адабиятчылар:

А.Жакыпбеков, А.Токтогулов эле. Чынында алардын котормолору оригиналдан кем

эмес делип, жылуу кабыл алынып жүрөт.

Бул оюбузду «Жан» деген сөз менен түзүлгөн фразеологизмдер катышкан Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» («И дольше века длиться день») романындагы төмөнкү келтирилген айрым мисалдарды салыштырып көрүүдөн байкоого болот:

«И что ради этого можно не задумываясь отдать к чертям эту жизнь, только бы не слышать, как бегут в степи паровозы - им дорогу давай [5].

«Өкүрүп турган паровоздун доошу жаныңды кашайтат, ошону укпайынчы дейсин, иши кылып өлүп-тирилесиң» [6].

Какого-то ей стало когда застиг ее в пустой степи этот смерчь в небе, не знала наверно, куда себя девать.

«Караңгы талаада шимшилеп бараткнда капилеттен оттуу куюн асманга атырылып чыкса, ал байкуш кантти экен, жанын катарын билбей калды го».

В те дни, когда они мыкались на станции Кумбель, подрядившись на буртовку угля, на деповском угольном задворье появился однажды какой-то верховой казах на верблюде.

Ошол Кумбел станциясында вагондон көмүр түшүрүп өлбө жаным өлбө, деп жүргөн күндөрдүн биринде депонун көмүр үйгөн жайына төөчөн бир казак пайда болду.

Während sie sich auf der Station Kumbel als Kohlenschipper abplagten, kam eines Tages in den Hof des Dorfes auf einem Kamel reitend, ein Kasache, den Wohl eigene Ange-legenheiten dorthin geführt hatten.

Даже не заметил, когда голова крутится, мало-помалу исчез постоянный гул в ушах, перестал обливаться потом при работе.

Мурдагыдай башы айланып кетмей адаты калды, кичине иштей койсо, жан тери чыгып, кулагы чуулдап кетмейи да акырындап кала баштады.

Unmerklich war auch das ständige Rauschen in den Ohren verschwunden, und ihm brach bei der Arbeit Schweiß nicht.

Как-то раз довелось ему присутствовать на похоронах в областном городе. Диву дался буранный Едигей.

Бир жолу облусттук шаарда өлүм үстүнөн чыгып калып, бороондуу Эдигей жанынан түңүлгөн (86).

В году том, пятьдесять первом, уже в самом конце, зимой прибыла на разъезд семья (103).

Ошол элүү биринчи жылы кышында разъездге бир үйбүлө жан келди (99).

In jenem Jahr, einundfünfzig, schon gegen Ende, im Winter, war eine Familie in die Ausweichstelle gekommen.

И именно это обстоятельство больше всего и вопреки всему причиняло беспокойство Едигею (113).

Эдигейдин тынчын алган да, ойлонбоюн десе да болбой жанына баткан да дал ушул

шарт (110).

Gerade das beunruhigte Edige am meisten und allem zum Trotz: denn er selber konnte weder ihre Kinder schützen noch ihnen Mann (120).

Когда дитя мое, раздираемой болью, твой вопль истошно стоял среди пустыни, когда ты орал и метался (119).

Кулунум, чымындай жаның кыйналып, чыркыраган үнүң чөлдүн үстүндө жаңырып турганда канттиң экен (116).

Я в тулупе, в валенках, в шапке, и то пока сдам перегон, глаза на лоб лезут (153).

Мен го кийгеним тон, анын ичинде пахталуу калың кийим тумакчанмын, ошондо да поездди өткөрүп иймейинче өлбө жаным өлбөлөп барам (152).

Ich trag einen Pelzmantel, darunter Wattersachen, Pelzstiefel und eine warme Mütze und doch vergeht mir Hören und Sehen- ehe ich den Zug übergebe (166).

В тайне Едигей гордился тем, что имея такого друга, потому и тянулся к нему (146).

Ушундай достуу болгонуна Эдигей ичинен корстон, ошон үчүн ага жан тартып турат (145).

Insgeheim war Edige stolz auf so einen Freund (157).

Но никто не понимая в ту минуту, что Едигей готов был, если на то пошло, сам уехать вместо Абуталипа чтобы по дороге придушить кречетоглазого собственными руками, так стало ему невыносимо больно, когда закричали ребята (174).

Балдар чыркырап ыйлаганда, жаны кашайып кеткен Эдигей Абуталип менен кошо камалып кетсе да, кайыл болуп жолдо жанагы ителги көздү муунтуп, көксөсүн суутуга жандан кечип койгондугун тургандар байкас албады (178).

Doch niemand erfasste in diesen Augenblick, dass Edige, wenn es hätte sein können, statt Abutalip weggefahren wäre, um unterwegs das Geierauge eigenhändig zu erwürgen so unerträglich wurde sein Schmerz, als die Kinder losweinten (195).

Кыргыз тилиндеги «Жан» деген сөздүн жардамы менен түзүлгөн жогоруда келтирилген мисалдардагы фразеологизмдердин орусча котору-луп берилишин салыштырып көрүүдөн алардын сөзмө сөз которулбастан чечмеленип, түшүндүрүлүп көрсөтүлүшүн байкайбыз. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ал эми чыгарманын кыргызчасында фразеологизмдер ойдун ачыктыгын, элестүүлүгүн, кыскалыгын, окуучуга жеткиликтүүлүгүн кыргыз тилиндеги фразеологизмдер камсыз кылып турат. Өзүбүзгө белгилүү болгондой, кыргыз тилиндеги айрым фразеологизмдер немец тилине, негизи эле четтилине так которулбайт. Ошол белгилүү бир алынган фразеологизмдин жөн гана кыргыз тилине тектеш тилдер аркылуу, эквивалентин тагыраак айтканда, мааниси жагынан болгон окшоштугун табуу абзел.

«Мыкались», «глаза на лоб лезут» деген сөз тизмектери «өлбө жаным, өлбө» деген фразеология менен берилет. «Глаз на лоб лезут»- кыргызча «эки көзү төрт болу», башкыр тилинде «ике күз дүрт булыу» деген фразеологизмге туура келет. «Прибыла семья», бир үйбүлө жан келди (киши келди) десек кыйла конкреттүү жана элестүү.

Кээде «Жан» кол менен кармай турган буюм сыяктуу элес калтырат. Мисалы: «куда себя девать», «жанын кайда катарды билбей».ж.б.

Фразеологизмдер башка тилдерге которулбайт дедик. Бирок, казак, өзбек, башкыр, татар, алтай, түркмөн жана башка тектеш тилдерде алар орток болот жана булардын толук маанисин туюнта турган эквиваленттери болот.

Ошентип, «Жан» деген сөздүн жардамы менен түзүлгөн фразеологизмдер тилдин грамматикалык түзүлүшүндөгү мыйзамченемдүүлүккө багынып, көп сөздөр аркылуу туюнтулуучу түшүнүктөрдү чыпкалап сыгып, кыска, элестүү сүйлөм айкалыштары менен бере турган, улуттук өзгөчөлүккө ээ даяр маанилүү каражат десек болот.

### Адабияттар

1. Ожегов С.И. Словарь русского языка. -Москва: Сов. Энциклопедия, 1964, 843 с.
2. Краткий словарь иностранных слов/Под ред. И.В.Ленина, и проф. Ф.Н.Петрова. - М., 1951.
3. Ибн Сина. Книга знания. –Сталинабад: Таджикское госу-дарственное издательство, 1957, 265
4. Советский энциклопедический словарь. Современная энцикло-педия. -М., 1986, 418
5. Юдахин К.К. Кыргызча-орусча сөздүк. Советская энциклопедия. -Ф., 1955, 296-б.
6. Айтматов Ч. И дольше века длиться день. – Бишкек, 1991.
7. Айтматов Ч. Кылым карытар бир күн. – Фрунзе: Кыргызстан, 1983.
8. Aitmatow Tsch. Ein Tag länger als ein Leben, Fischer Taschenbuch Verlag. 1986.
9. Айтматов Ч. Собрание сочинений. Том третий. – Фрунзе: Кыргызстан,